**<u>Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган</u>**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

жаран Абдиламит Мамиевич Исаевдин кайрылуусунун негизинде «Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-2 беренесинин 2-бөлүгүнүн ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндөгү иш боюнча

# ЧЕЧИМИ

2014-жылдын 14-майы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу – судья М.Ш. Касымалиев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, Ж.М. Макешов, Э.Т. Мамыров, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, К.С. Сооронкулованын курамында,

сот жыйналышынын катчысы Н.А.Илиязованын;

кайрылуучу тарап – жаран А.М.Исаевдын, ишеним каттарынын негизиндеги А.М. Исаевдын өкүлдөрү Т.И. Иманкуловдун жана Т.Дж. Уметалиеванын;

жоопкер-тарап - Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишеним катынын негизиндеги өкүлү К.Р. Садыковдун;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ишеним катынын негизинде өкүлү болгон М.Г. Гульжигитовдун катышуулары менен, Кыргыз Республикасынын Конституциянын 97-беренесинин 1-, 6-бөлүктөрүн, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 1-, 4-, 18-, 19-, 37-, 42-беренелерин жетекчиликке алып, ачык сот жыйналышында «Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-2 беренесинин 2-бөлүгүнүн ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти карады.

Ишти кароого жаран А.М. Исаевдин өтүнүчү себеп болду.

Ишти кароого негиз болуп Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдары жөнүндө» Мыйзамынын 7-2 беренесинин 2-бөлүгүнүн ченемдик жобосунун Конституцияга ылайык келүү жөнүндө маселеде анык эместиктин пайда болуусу саналат.

Сот жыйналышына ишти даярдоону жүргүзгөн судья-баяндамачы К.С.Сооронкулованын маалыматын угуп, берилген материалдарды изилдеп, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы,

**Т А П Т Ы :**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары - Конституциялык палата) 2013-жылдын 26-сентябрында жаран А.М. Исаев «Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-2 беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-, 3-пункттарынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 23-июлунда №281 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын катардагы жана жетектөөчү курамынын кызмат өтөөсү жөнүндө Жобонун 94-пунктунун «б» пунктчасынын (мындан ары – ички иштер органдарында кызмат өтөөсү жөнүндө Жобо) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-

беренесинин 1-бөлүгүнө, 16-беренесинин 2-бөлүгүнө, 20-беренесинин 2-бөлүгүнө, 53-беренесинин 1-, 2-бөлүктөрүнө карама-каршы келгендигин таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Өзүнүн талаптарына далил катары А.М. Исаев ички иштер органдарында 2-атайын кызматта инспекторлук кызматында Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинде милиция майору наамында кызмат өтөгөнүн көрсөткөн. 2007-жылдын 15-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин буйругу менен жаш курагына байланыштуу ички иштер органдарынын катардагы жана жетектөөчү курамынын кызмат өтөөсү жөнүндө Жобонун 94-пунктунун «б» пунктчасына ылайык запаска бошотулган. Буйрук чыгарууга 2007-жылдын 15-сентябрында Д№22 км/1 Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин коллегиясынын чечими негиз болуп эсептелди.

А.М. Исаевдин пикири боюнча, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин жетекчилиги анын кызматтык мөөнөтүн узартууга милдеттүү болчу, анткени Аскердик-дарыгерлер комиссия чыгарган корутундуда, анын аскерге жарактуулугу мүмкүн экендиги такталган, анын үстүнө түздөн-түз башчысы А.М. Исаевдин бир жыл кызмат стажынын жетишсиздигине байланыштуу (9-ай) иштеген жылдарын эсептөө үчүн кызмат өтөө мөөнөтүн узартууга Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрине өтүнүч менен кайрылган.

2013-жылдын 4-ноябрындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын аныктамасы менен арыз берүүчүнүн өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынган.

А.И.Исаев өзүнүн баштапкы өтүнүчүндө позициясын негиздөө катары «Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-2 беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-, 3-пункттарынын, ички иштер органдарында кызмат өтөөсү жөнүндө Жобонун 94-пунктунун «б» пунктчасынын конституциялуулугу жөнүндө жаш курагына байланыштуу кызматтан бошотулушу басмырлоо болуп эсептелет,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 1-, 2-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп далилдерди келтирет. Мындан тышкары, арыз берүүчүнүн пикири боюнча, анын укугу мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актылар менен чектелип жатат (бул учурда ички иштер органында кызмат өтөөсү жөнүндө жөнүндө Жобо), бул Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык келбейт. Арыз берүүчү талаш-тартыш туудурган ченемдердин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 53-беренесинин 1- жана 2-бөлүктөрүнө ылайык келээрине шек жаратты, анткени бошотуунун натыйжасында ал иштеген жылдары үчүн пенсия алууга болгон укугунан ажырады.

Ишти кароого даярдоонун жүрүшүндө, ички иштер органдарынын жетектөөчү курамынын кызмат өтөөсү жөнүндө Жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылкы 4-декабрдагы №738 токтомуна ылайык күчүн жоготкондугу аныкталды.

Ушул байланышта арыз берүүчү өзүнүн талабын өзгөрткөн жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 20-июнунда №360 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын катардагы жана жетектөөчү курамынын кызмат өтөөсү жөнүндө Жобонун 106-пунктунун «б» пунктчасынын, мааниси жана мазмуну боюнча окшошкон, мурунку Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 4-октябрында токтому менен бекитилген ички иштер органдарында кызмат өтөөсү жөнүндө өзүнүн күчүн жоготкон талашылып жатуучу Жобонун ченеми конституциялуу эместигин таанууну суранат.

Сот жыйналышында, кайрылуучу тарап, баштапкы билдирген талаптарынан баш тарткан «Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-2 беренесинин 2-бөлүгүнүн ченемдик жобосунун ички иштер органдарында кызмат өтөө мөөнөтүнүн жеткен чеги ички иштер органдарында кызмат

өтөөсү жөнүндөгү Жобосунда, 5 жылга узартылышы мүмкүн деп караштырган жана Конституцияга карама-каршы келет деп суранган.

Талаш-тартыш туудурган ченемдик жоболордун конституциялуу эместиги жөнүндө өз далилдерин негиздеп жатып, кайрылуучу тарап жаш курактык критерийлерге байланышкан чектөөлөрдү орнотуунун укук ченемдүүлүгүнө макул болду, бирок, ички иштер органында кызмат өтөөнү узартуу тартиби мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынбашы керек жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө, 20-беренесинин 2-бөлүгүнө жана 53-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңештин өкүлү К.Р.Садыков талаш туудуруп жаткан «Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-2 беренесинин 2-бөлүгүнүн ченемдик жобосу Кыргыз Республикасынын Конституциясына толугу менен ылайык келет деп жана А.М. Исаевдин өтүнүчүн канааттандыруусуз калтырууну суранды.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн өкүлү М.Г. Гульжигитов дагы А.М. Исаевдин жана анын өкүлдөрүнүн далаидери менен макул болбой, өтүнүчтү канааттандыруусуз калтырууну суранды.

Конституциялык палата иштин материалдарын изилдеп чыгып, тараптардын далилдерин угуп, төмөнкүдөй тыянактарга келди:

1. «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, Конституциялык палата кайрылууда ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу күмөн саналган бөлүгүнө гана тийиштүү болгон предмет боюнча актыларды чыгарат.

Демек, бул иш боюнча Конституциялык палатанын кароосунун предмети болуп, төмөнкүдөй мазмундагы «Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-2 беренесинин 2-бөлүгүнүн ченемдик жобосу саналат:

«7-2 берене. Ички иштер органдарында кызмат өтөө курагынын жеткен чеги

Ички иштер органдарынын кызматкерлеринин ички иштер органдарында кызмат өтөө мөөнөтүнүн жеткен чеги Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарында катардагы жана башкаруучу курамынын кызмат өтөөсү жөнүндөгү Жобосунда белгиленген тартипте 5 жылга узартылышы мүмкүн».

«Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы мыйзамдарда бекитилген тартипте кабыл алынган, 1994-жылдын №3 санында «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысында» жарыяланган, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген жана колдонуудагы Мыйзам болуп эсептелет.

2. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктери улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын, адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары менен чектелиши мүмкүн. Киргизилип жаткан чектөөлөр көрсөтүлгөн максаттарга өлчөмдөш болушу керек.

Адамдын, жарандын укуктарын, эркиндиктерин чектеген мыйзамдык актыларды кабыл алууга тыюу салынат.

Ошону менен бирге, жарандын укугун жана эркиндигин чектөө учурунда Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилген шарттарды катуу сактоо талап кылат: чектөө катуу аныкталган укуктук таризде–мыйзамдын таризинде берилиши керек; эгер Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлүп аныкталган максаттарга кызмат кылса, чектөөгө жол берилиши мүмкүн; чектөө аталган баалуулуктарды коргоо жана белгиленген максаттарга жетүү үчүн зарыл болгон чекте мүмкүн. Чектөөлөрдүн

принциптерин, максаттарын жана юридикалык тариздерин, башкача айтканда, укугун менен эркиндиктерин чектөөнүн негиздерин (жалпы шарттарын) орнотуу менен, Кыргыз Республикасынын Конституциясы жарандардын укугун жана эркиндигин мамлекет тарабынан негизсиз болгон аракеттерден коргойт, ошол эле убакта элдик кызыкчылыктарды коргоо үчүн аларды чектөөгө мамлекет милдеттендирет.

Мамлекет тарабынан адамдын жана жарандын укугун жана эркиндигин укуктуу чектөө белгилери Адам укугунун Жалпы декларациясынын 29-беренесинде келтирилген: өз укуктары менен эркиндиктерин иш жүзүнө ашырууда ар бир адам эң оболу башкалардын укуктары менен эркиндиктерин тиешелүү деңгээлде таанууну жана урматтоону камсыз кылуу жана демократиялык коомдо адеп-ахлактын, коомдук тартиптин жана жалпы бакубаттыктын акыйкат талаптарын канааттандыруу үчүн мыйзам тарабынан белгиленген чектөөлөргө гана дуушарланууга тийиш.

Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө Эл аралык пакт да бир катар жоболорду камтыйт, аларга ылайык белгилүү бир укуктарды жөнгө салууга же чектөөгө мүмкүн. Ошентип, 4-беренеге ылайык, катышуучу-мамлекет мыйзам тарабынан аныкталган укуктарга гана чектөөлөрдү орнотот, жана бул аталган укуктардын табияты менен шайкеш келет жана демократиялык коомдогу жалпы байгерчиликке түрткү берүү максатында гана болот. Буга окшогон жоболор Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактта берилген.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгү жана жалпыга таанылган эл аралык укуктун ченемдери адамдын жана жарандын укугун жана эркиндигин чектөөгө мүмкүн болгон талаптардын катарында Кыргыз Республикасынын укуктук тутумунун курамдык (составдык) бөлүгү болуп саналат, киргизилип жаткан чектөөлөргө милдеттүү мыйзамдуу тариздн орнотот жана ушуну менен ушул максатта чектөө чараларын караган ченемдик укуктук актылардын башка түрлөрүн кабыл алууга тыюу салат. Бул учурда мыйзам чыгаруу актысы, түздөн-түз

өнүктүрүү менен, негиздөөчү конституциялык жоболорду конкреттештирип, алардын маанисин жана мазмунун тактап, Кыргыз Республикасынын Конституциясы тарабынан уруксат кылынган чектен чыкпашы керек.

3. Адамдын жана жарандын укугун жана эркиндигин мыйзам тарабынан чектөөнүн конституциялык принциби укуктук жөнгө салуунун бул тармагында башка ченемдик укуктук актылардын иш-аракеттерин жокко чыгарбайт.

Ал эми, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 90-беренесинин 1-, 2-бөлүктөрүнө ылайык Конституциянын жана мыйзамдардын негизинде жана аларды аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтомдорду жана буйруктарды чыгарат, ошондой эле алардын аткарылышын камсыз кылат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору жана буйруктары Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында милдеттүү түрдө аткарылат.

Бул жобо, адамдын жана жарандын укугун жана эркиндигин чектөөнүн жалгыз укуктук аспабы катары мыйзамдын бардыгын караган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жоболору менен тутумдук байланышта каралышы керек (20-беренесинин 2-бөлүгү).

Келтирилген конституциялык жоболор, каралып жаткан тармактагы мыйзам алдындагы ченем жаратуу мыйзамдан алынган өзгөчө мүнөздү алып жүрүш керек экендигин билдирет. Мыйзам абдан маанилүү коомдук мамилелерди жөнгө салууга арналгандыктан, ал коомдук мамилелердин тигил же бул өңүтүлөрүн толугу менен жөнгө салуунун кандайдыр бир өзгөчөлүктөрүн камтый албайт. Мыйзамдарды конкреттештирүү жана деталдаштыруу максатында мыйзам алдындагы ченемдик актылар чыгарылат, алардын айырмалоочу өзгөчөлүгү болуп, алар мыйзамдын негизинде жана аларды аткаруу үчүн чыгарылат жана эч убакта бири-бирине карама-каршы келбеш керек.

Мыйзам алдындагы актылар тарабынан укуктарды жана эркиндиктерди чектөөнү орнотууга мүмкүн эместиги, мыйзам алдындагы ченем жаратуулардын субъекттери Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана

мыйзамдар тарабынан орнотулган чектен чыкпай тургандыгын жана деталдаштыруучу же укукту жүзөгө ашыруучу мүнөзгө ээ болоорун божомолдойт.

4. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдары жөнүндө» Мыйзамынын 7-2 беренесинин 2-бөлүгүндөгү конституциялуулук предметине талаш-тартыш жараткан ченемдик жобо, ички иштер органдарынын кызматкерлеринин чектелген жаш курагын узартуу тартиби Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын катардагы жана жетектөөчү курамынын кызмат өтөөсү жөнүндө Жобо менен аныктала тургандыгын аныктайт. Бул учурда, чектөөчү мүнөздөгү ченемдер жогоруда аталган Мыйзамдын 7-2 беренесинин 1-бөлүгүндө каралган, ага ылайык атайын наамына, ички иштер органдарында кызмат өтөөдөгү чектелген жак куракка жараша дифференцияланып орнотулат.

Мамлекеттик кызматты токтотууну негиз катары чектелген жаш куракты мыйзам орнотуу жөнүндө маселени карап жатып, Конституциялык палата, жаран Э.А.Асановдун кайрылуусуна байланыштуу, «Мамлекеттик кызмат жөнүндө» Мыйзамынын 31-беренесинин 1-бөлүгүнүн «м» пункту жана 8-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иши боюнча 2014-жылы 30-апрелиндеги №27-Р Чечиминде, «Мамлекеттик кызмат тармагында укуктук жөнгө салуу тармагындагы мындай өзгөчүлүк турукташтыруулук принциптерин жүзөгө ашырууну, кесиптикти, компетенттүүлүктү, ордун басуучулукту, орун алмашуучулукту жана мамлекеттик кызмат тутумунун ар дайым жакшыруусун камсыз кылат деп бекиткен. Мыйзам чыгаруучу тарабынан киргизилген, жалпыга маанилүү конституциялык максаттарга шайкеш объективдүү акталган жана негизделген чектөөлөр, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык тең укуктар жана кодулоону тыюу салуу принцибин бузуу катары карала албайт».

Чектелген жак куракка жеткендигине байланыштуу запаска чыгаруу мыйзам тарабынан бекитилген жалпы эреже болуп саналат жана юридикалык

окуянын башталышы катары каралат, мыйзам аны менен кызматтык укук мамилелеринин токтотулушун, ички иштер органынын кызматкерлеринин укуктук статусун өзгөртүү мүмкүнчүлүгүн байланыштырат.

Ушуну менен бирге, «Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-2 беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык ички иштер органдарынын кызматкерлеринин ички иштер органдарында кызмат өтөө мөөнөтүнүн жеткен чеги 5 жылга узартылышы мүмкүн. Аталган ченемди ишке ашыруу тартиби мыйзам алдындагы ченемдик укуктук акты – Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын катардагы жана жетектөөчү курамынын кызмат өтөсү жөнүндө Жобо менен ишке ашырылат.

Ошону менен, кайрылуучу субъект тарабынан талашка түшкөн ченемдик жобо адамдын жана жарандын укугун жана эркиндигин чектөө катары карала албайт, анткени субъективдүү укуктун мазмунун козгобойт, тескерисинче, орнотулган чектелген жаш куրактан тышкары ички иштер органында кызмат өтөөнү узартуу мүмкүндүгү жөнүндө эреже мыйзамды ишке ашырууга багытталган.

Буга ылайык, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдары жөнүндө» Мыйзамынын 7-2 беренесинин 2-бөлүгүндөгү талашка түшкөн ченемдик жобо Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнө каршы келбейт.

5. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдары жөнүндө жөнүндө» Мыйзамынын 7-2 беренесинин 1- жана 2-бөлүктөрүнүн мазмунунан келип чыккандай, мыйзам чыгаруучу чектелген жаш куракка жетүүнү ички иштер органында кызмат өтөөнү токтотууга негиз катары орнотуу менен, ушул эле учурда орнотулган чектелген жаш курактан тышкары кызмат өтөөнү узартуу мүмкүндүгү түрүндө жалпы эрежеден чыгарууну караган. Буга окшогон жөнгө салууну жүргүзүү менен, мыйзам чыгаруучу тиешелүү мамлекеттик органдарды мыйзамдарды аткарууну уюштуруу боюнча өз иш-билгилигинин алкагында чара көрүүгө, эгер зарыл

болсо, мыйзам чыгаруу ченемдерин ишке ашыруу тартибин ченемдик жол менен жөнгө салууга ыйгарымдайт. Талаштагы мыйзам жобосу мыйзам чыгаруу тарабынан так ушул максатта кабыл алынган жана арыз берүүчүнүн конституциялык укугунун мазмунуна таасир кылбайт, андан сырткары, кодулоочу мүнөздөгү ченемдерди камтыбайт. Демек, ал Кыргыз Республикасынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келүүчү катары каралбайт.

6. Арыз берүүчүнүн тең укуктуулуктун конституциялык принцибин бузгандык тууралуу далилдерине, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министри тарабынан орнотулган чектелген жаш курактан тышкары кызмат өтөөнү узартуу жөнүндө мыйзамды жеке кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө карата, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, Конституциялык палата кайрылууда ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу күмөн саналган бөлүгүнө гана тийиштүү болгон предмет боюнча актыларды чыгарат. Орнотулган чектелген жаш курактан тышкары кызмат өтөөнү узартуу тартиби кызмат өтөөсү жөнүндө Жобонун 110-112 пункттары менен жөнгө салынат, алар бул иш боюнча текшерүү предмети болуп саналышпайт.

7. Конституциялык палата Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 53-беренесине ылайык талашка түшкөн мыйзам жобосунун текшерүү үчүн предметти тапкан жок, анткени социалдык камсыз кылууга укукту кепилдеген Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдары жөнүндө» Мыйзамынын 7-2 беренесинин 2-бөлүгүнүн жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 53-беренесинин 1-бөлүгүнүн ченемдеринин ченемдик жоболорунун катыштыгын орнотууну укуктук жөнгө салуу предметтеринин айырмасынан улам, мүмкүн болбойт.

8. А.М. Исаевдин, аны кызматтан бошотуу учурунда жеке мүнөздөгү жагдайлар эске алынган жок деген далилдери, көңүлгө алынбайт,

анткени конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында жалгыз гана укук маселелери каралат, ал эми Конституциялык палата укук колдонуучунун аракеттерине жана актыларына укуктук баа берүүгө укуктуу эмес.

Жогору баяндалгандын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнүн 1-пунктун, 8-, 9-бөлүктөрүн, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 46-, 47-, 48-, 51-, 52-беренелерин жетекчиликке алып Конституциялык палата,

**Ч Е Ч Т И:**

1. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдары жөнүндө» Мыйзамынын 7-2 беренесинин 2-бөлүгүнүн ченемдик жобо, ички иштер органдарынын кызматкерлеринин чектелген жаш курагын узартуу тартиби Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын катардагы жана жетектөөчү курамынын кызмат өтөөсү жөнүндө Жобо менен аныктала тургандыгын аныктай турган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө, 20-беренесинин 2-бөлүгүнө, 53-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп таанылсын.

2. Чечим акыркы жана даттанууга жатпайт, жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

3. Чечим бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бардык аймагында аткарылууга жатат.

4. Чечим Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басмаларында, Конституциялык палатанын расмий

сайтында жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Жарчысында» жарыялансын.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**